УДК: 373.3
DOI: 10.35254/bsu/2023.65.47

Курманалиева Ч., Оморова Б.
К. Тыныстанов атындагы ЫМУ

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА СЫН АТООЧТУ ОКУТУУНУН ИНТЕРАКТИВДҮҮ ЫКМАЛАРЫ

**Кыскача мазмуну**

Бул илимий макалада заманбап мектепте мугалимдер педагогикалык технологияларды колдонуп, материалды бекем өздөштүрүү үчүн жаңы методдорду жана ыкмаларды иштеп чыгып, колдонуу аркылуу окуучулардын коммуникативдик компетенттүүлүгүн жогорулатуу жөнүндө сөз болот. Азыркы билим берүү программасына ылайык, маалыматтык компетенциянын негизинин бири болгон маалыматтык-коммуникациялык технологияны билбей туруп жана башка базалык компетенцияларды калыптандыруу жана өнүктүрүү мүмкүн эместиги белгиленип келет. Алардын жардамы менен сабак кызыктуу жана динамикалуу болуп калат, заманбап педагогикалык жана маалыматтык технологияларды билген педагог көп маселелерди чече алат ошондой эле мугалим үчүн окуучуларды өз алдынча же топтук иш-аракеттерге багыттоо жеткиликтүү жана жеңил–деген пикирлер айтылат.

**Түйүндүү сөздөр:** ыңгайлуу окуу шарттары, интерактивдүү методдор, сын атооч, аң-сезим, ой жүгүртүү, өнүгүү, башталгыч мектеп.

Курманалиева Ч., Оморова Б.
ИМУим. К. Тыныстанова

# ИНТЕРАКТИВНЫЕ МЕТОДЫ ОБУЧЕНИЯ ИМЕН ПРИЛАГАТЕЛЬНЫХ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ

**Аннотация**

На данном примере учителя современной школы используют педагогические технологии для повышения коммуникативной компетентности учащихся за счет разработки и использования новых методов и приемов усвоения материала. Согласно действующей образовательной программе отмечается, что невозможно формирование и развитие других базовых компетенций без владения информационно-коммуникационными технологиями, что является одной из основ информационной компетентности. С их помощью урок становится интересным и динамичным, учитель, владеющий современными педагогическими и информационными технологиями, может решить многие задачи, учителю легко и доступно направить учащихся на самостоятельную или групповую деятельность.

**Ключевые слова:** комфортные условия обучения, интерактивные методы, имя прилагательное, сознание, мышление, развитие, начальная школа.

Kurmanalieva Ch., Omorova B.
IMU named after K. Tynystanov

# INTERACTIVE METHODS OF TEACHING ADJECTIVES IN PRIMARY SCHOOL

**Abstract**

In this example, teachers of a modern school use pedagogical technologies to improve the communicative competence of students through the development and use of new methods and techniques for mastering the material. According to the current educational program, it isnoted that it is impossible to form and develop other basic competencies without mastering information and communication technologies, which is one of the foundations of information competence. With their help, the lesson becomes interesting and dynamic, a teacher who owns modern pedagogical and information technologies can solve many problems, the teacher can easily and easily direct students to independent or group activities.

**Keywords**: comfortable learning conditions, interactive methods, adjective, consciousness, thinking, development, elementary school.

Учурда кыргызстанда дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кошулууга багытталган жаңы билим берүү системасы түзүлүүдө.Ушуга байланыштуу окуу процессин өркүндөтүүгө, окуучулардын активдүүлүгүнүн жогорку деңгээлине жетишүүгө көмөктөшүүчү билим берүүнүн активдүү ыкмаларын жана формаларын издөөгө багытталган билим берүүнүн инновациялык формаларынын ролу жана мааниси жогорулап жатат.Сабакта жаңы материалды өздөштүрүү андан аркы үйрөнүү, билимди практикада колдоно билүүгө негиз болуп саналат. Алган билимдин сапаты биринчи кезекте белгилүү бир теманы изилдөөгө тандалган ыкмасына жараша болот.Тандалган ыкма материалды өздөштүрүү маселесин толук чечпей турганын белгилей кетүү керек, болгонукандай колдонулары, билим берүү процессинде таанып-билүү жана өз алдынча ишмердүүлүктүн өнүгүшүнө кандай салым кошоору маанилүү.Белгилүү бир теманы үйрөнүүдө сабактын максатына жана милдеттерине жараша натыйжаны беретурган ар кандай методдорду жана ыкмаларды колдонууга болот.

Окутуунун методу түшүнүгүн Ата Мекендик педагогдор ар кандай чечмелешкен. Алардын бири М.А. Данилов – «мугалим тарабынан колдонулган ыкма окуучулардын билимди аң-сезимдүү кабыл алып, жөндөм, көндүмдөргө ээ болуусу” катары карайт ж.б. [4, 566-б.].

Методду өздөштүрүү процессинде окуучулардын акыл-эс, коммуникативдик жана рефлексиялык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүшөт. Жалпы билим берүүчү мектепте кыргыз тилин окутуунун методдорун жана ыкмаларын тандоо окутуунун максатына, милдеттерине, окуу материалынын мазмунуна, окуучунун курактык жана жеке өзгөчөлүктөрүнө, билимди өздөштүрүүнүн этаптарына жараша болот.

Изилдөөнүн максаты башталгыч класстарда «Сын атооч» сөз түркүмүн өздөштүрүүгө көмөктөшүүчү интерактивдүү ыкмаларды баяндап берүү.

Макаланын негизги бөлүмү. Мектепте сөз түркүмдөрүн үйрөтүү-окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүнө кошкон салым болуп саналат.Морфологияны үйрөнүү менен бала өз оюн туура, логикалык жактан так айтууга үйрөнөт.Өзүнүн экспрессивдүүлүгү боюнча башка сөз түркүмдөрүнүн ичинен сын атооч алдыңкы орундардын бирин ээлейт, предмет жөнүндө маалыматты конкреттештирет, ал эми кыйыр мааниде сөзгө эмоционалдык боёк берип, сөз байлыгын өстүрүүгө, адабий тилдин нормаларын өздөштүрүүгө, колдонууга

негиз болот.Сөздүктөрдү билгичтик менен колдонуу окуучунун кебинин, лексикасынын жана грамматикалык түзүлүшүнүн байышына өбөлгө түзөт. Сөздүктөрдү сабакта колдонуу өспүрүмдүн мотивациясын жогорулатат, материалды илимий мазмун менен толтурат, изденүү жана таанып-билүү иш-аракетин уюштурат, балага ачылыштардын тажрыйбасы жана маселелерди чечүүнүн ыкмаларын сарамжалдуу пайдалануу аркылуу өз алдынча ийгиликке жетүү мүмкүнчүлүгүн берет, окууну чындык менен байланыштыруунун принцибинин ишке ашырат.

Белгилүү методист, филолог Д.Н. Ушаков «Мектеп окуучуну туура окууга, жазууга, сүйлөө жана ой жүгүртүүгө үйрөтүшү керек» деп белгилеген. Окуучунун кебин өнүктүрүүдө сын атооч өзгөчө орунду ээлейт, ошондуктан мен сабакты балдарга тааныш материал менен баштоо максатка ылайыктуу экенин айткым келет.

Мектеп окуучуларынын китеп окуу сабаттуулугун сабакта калыптандыруу жөндөмдүүлүктөрү биринчи орунду ээлейт. Китеп окуу сабаттуулугу – бул жазылган тексттерди түшүнүү, алар боюнча ой жүгүртүү, өз билимин кеңейтүү, интерпретациялоо жөндөмдөрүнөн болуп саналат. Ошондуктан, мен сабакта тексттердин ар кандай форматтарын колдоном: аралаш текст жана инфографика – мунун баары окуу сабаттуулугун түзгөн конкреттүү көндүмдөрдүн калыптанышына өбөлгө түзөт (бул окуучунун стереотиптүү ой жүгүртүүсүнөн улам дайыма эле мүмкүн боло бербейт). Кыргыз тилинин бул сабагы (сабак системасындагы) окуучулардын тилдик жана кеп компетенттүүлүгүн жогорулатууда маанилүү роль ойнойт, алардын руханий, адеп-ахлактык жана интеллектуалдык жактан өнүгүшүнө салым кошот, ар бир окуучунун билим натыйжасын жакшыртат.

Заманбап мектеп ар кандай кырдаалга багыт алган окуучуларды окутуп чыгарышы керек, муну өздөштүрүү үчүн инновациялык ыкмалар, педагогикалык технологиялар иштелип чыккан.

Э.Г. Элина төмөнкүдөй аныктаманы сунуштайт: «Интерактивдүү окутуу – бул окуу процессин окуучулардын биргелешкен иш-аракети формасында уюштуруунун ыкмасы, мында билим берүү процессинин бардык катышуучулары бири-бири менен өз ара аракеттенишет, маалымат алмашат, жалпы көйгөйлөрдү биргелешип изилдешет, кырдаалдарды моделделдешет... когнитивдик проблемаларды чечүүгө багытталган ишкер кызматташтыктын чыныгы атмосферасына чөмүлүшөт» [6, 41-42-б].

Ошентип, интерактивдүү окутуу технологиясы үч негизги маселени чечүүгө өбөлгө түзөт: билим берүүчүлүк жана таанып-билүүчүлүк, коммуникативдик-өнүктүрүүчүлүк жана инсанга багытталган социалдык багыт. [6].

Бул ыкманын элементтери төмөнкүлөрдү камтыйт:

- Сабактын салттуу эмес башталышы – алдыдагы ишке (ребус, табышмак ж.б.) эмоциялык маанай түзүлөт.

- Сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүү методдору (акыл чабуулу, дебаттар).
- Сабактын өзгөчө элементтерин киргизүү: табышмактар, кроссворддор, терең билимди талап кылган тапшырмалар.
- Жуптук жана топтук иштерге көңүл буруу.
- Салттуу эмес сабактарды же сабактын бөлүктөрүн (саякат сабагы, жомок сабагы, викторина сабагы ж.б.) өткөрүү, сабакта оюн учурларынын жана оюндардын болушу.

Бүгүнкү күндө мугалим үчүн мектепте иштөө ыкмаларынын өз тизмесин тандап алуу жана аларды ар дайым өркүндөтүү кыйынга турбайт. Бул билим берүүчү оюндар, чыгармачылык тапшырмалар, топтук иш ж.б. Мыкты ыкмалар, башкача айтканда, «Сын атооч» темасында иштөө үчүн көп көлөмдөгү материалды талап кылбаган, ошондой эле көп колдонулган ыкмалар: викторина, кроссворд, мээ чабуулу жана синквейн.

Мен өзүмдүн ишимдеги айрым мисалдарга токтоло кетсем.

Викторина. Мугалимдин милдети – блокторго бөлүнгөн (жалпыдан жекеге, абстрактуудан конкреттүүгө) ар кандай татаалдыктагы суроолорду даярдоо. Блоктогу суроолордун саны 5тен 7ге чейин болушу мүмкүн. Ар бир суроо кыйынчылык деңгээлине жараша белгилүү бир сандагы упайларга ээ. Алгач колун көтөрүп, туура жооп берген окуучу же топ белгилүү бир сандагы упай менен сыйланат. Эң көп упай топтогондор жеңүүчү болуп саналат.

Эсептөөнүн тактыгы үчүн мугалим ар бир окуучунун же топтун жыйынтыгын (фамилиясы же аты жана упайлардын саны) жазып турган окуучуну тандай алат.

Мисал катары «Сын атооч» темасы боюнча кайталоо сабагынын фрагментин алып, суроолордун татаалдыгына жараша викторинанын эки блогун карап көрөлү.

Блок 1. «Сын атооч» темасы боюнча жалпы суроолор.

Блок 2. «Сын атооч» темасы боюнча тапкычтык үчүн суроолор.

Викторинаны алган билимди бекемдөо үчүн материал өтүлгөндөн кийин аткарылат. Сабактын максатына жараша викторина бүтүндөй сабакты же бир фрагментти алат.

Кроссворд. Иштин бул ыкмасы окуучуларды материалды бекемдөө же жаңы теманы ачуу баскычында кызыктырат, мында түйүндүү сөз сабактын темасын чагылдырат.Бул ыкманын көптөгөн варианттары бар. Кроссворддун чечилиши жекече, жупта же топто болушу мүмкүн (тактада иштөө). Жумушту бүтүрүү үчүн бөлүнгөн убакыт суроолордун татаалдыгына жана алардын санына жараша болот.

Методду мектеп окуучулары үчүн класста чыгармачылык тапшырма катары же үй тапшырмасы катары колдонсо болот.

Эгерде мындай ыкма теманы бышыктоо этабында ишке ашырыла турган болсо, анда

бардык өтүлгөн материалды, негизги учурларды камтышы керек.

"Акыл чабуулу"

**Акыл чабуулу** – бул чыгармачыл ой жүгүртүү методу. Ал адамды чектелип калуудан арылтуу аркылуу маселени жаңыча чечүү жолдорун табууга жардам берет. Акыл чабуулу интерактивдүү методдордун бири. Мында ар бир катышуучу өз ой-пикирин, идеясын эркин айтат. Катышуучулар бири бирин сындашпайт, тескерисинче, толукташат. «Туура эмес» деп да, «мен сага кошула албайм» деп да айтышпайт. Туура же туура эмес деп да бааланбайт. Андыктан, окуучулар өз ойлорун эркин айтышат. Эч кандай обочолонууга жол берилбейт. Жөнөкөйлөтүп айтканда, «акыл чабуулу» ой жарыштырууга, көп жактуу ойлоого, бир нече варианттуу ойлоого, ал ойлорду салыштырууга, рационалдуу ыкманы табууга көмөктөшөт. Айтылган идеялардын жалпы санынан иш жүзүндө колдонууга боло турган эң ийгиликтүүлөрү тандалып алынат.

Кыргыз тили сабагында «Сын атооч» деген темада колдонула турган «Акыл чабуулу» ыкмасына мисал келтирели.Алдын ала бөлүштүрүлгөн топтордо лидер аныкталат. Катышуучулардын арасынан көз карандысыз катчы да тандалып алынат, ал айтылган идеяларды жазып алат.Топторго чечүү үчүн тапшырма берилет. Топтордун иши аяктагандан кийин мугалим жетектөөчү суроолордун жардамы менен жыйынтык чыгаруусу керек.Демек, бул ыкма активдүү иштөө шарттарында окуучулардын акыл-эс ишмердүүлүгүн активдештирүүчү, темага болгон кызыгууну арттыруучу сыноо жана жаңылыштык ыкмасына окшош экендигин белгилейбиз. Мисалы, Топторго чечүү үчүн тапшырма берилет.

Биринчи топко тапшырма: элестеткиле, кебибизден бардык сын атоочтор бир заматта жок болуп кетти. Биздин кебибизге эмне болот?

болжолдуу жооп: кебибиз мындан ары эмоционалдуу, көркөм, образдуу болбой калат ж.б.

Топтордо иштегенден кийин мугалим жетектөөчү суроолордун жардамы менен жыйынтыктоосу керек: Сын атооч зат атоочко эмнеге милдеттүү? Сын атоочтордун тилибиздеги орду кандай?

Интерактивдүү окутуу бир эле учурда бир нече маселелерди чечет.Биринчиден, интерактивдүү методдор окуучулардын билим алуу чөйрөсү, башкача айтканда реалдуулук менен түзмө-түз өз ара аракеттенүүсүнө негизделген.Экинчиден, интерактивдүү окутууда окуучунун жеке тажрыйбасы билим берүүнүн негизги мазмунуна жөн эле көмөкчү материал же иллюстрация катары кызмат кылбастан, өзүн-өзү таанып билүүнүн борбордук булагы катары кызмат кылат.Үчүнчүдөн, интерактивдүү окутууда педагогдун ишмердүүлүгү окуучунун активдүүлүгүнө жол ачат.

Жыйынтыктап айтканда, азыркы учурда окутуунун интерактивдүү формалары окутууда негизги мааниге ээ экендигин белгилегим келет, анткени алар окуу процессин маалыматтык гана эмес, кызыктуу кылууга да жардам берет. Аларды сабакта колдонуу материалды кабыл алууну жеңилдетет. Негизги артыкчылыгы – мындай иш ыкмалары окуучуларды биргелешкен

иш-аракеттерге тартып, жупта, командада жана интернет булактары менен иштөө жөндөмүн калыптандырат.

**Адабияттар**

1. Альтшуллер Г.С. Найти идею: введение в ТРИЗ-теорию решения изобретательских задач. – М.: Альпина Бизнес Букс, 2007.
2. Бабанский Ю.К. Методы обучения в современной общеобразовательной школе – М.: Просвещение, 2003.
3. Баранов А.М. Учимся делать вместе. Материалы для тренинга учителей. – М.: Интуит. ру., 2007.
4. Кашлев С.С., Технология интерактивного обучения / С.С. Кашлев. – Мн., 2005.
5. Коротаева Е.В. Обучающие технологии в познавательной деятельности школьников / Е.В. Коротаева. – М.: 2003.
6. Образовательные технологии в вузе: опыт Национального исследования Саратовского государственного университета / Под ред Е.Г. Елиной, Е.И. Балакиревой. –Саратов: Изд-во Сарат. ун-та, 2012.
7. Акбагышева Ш.А., Исаева Ж.К. Стилистические проблемы теории речевой коммуникации. Вестник БГУ. №2 (32) – Б., 2015. 78-б.